**Математика**

**PISAга багытталган тест**

**7-класс**

**Оң жактагы текстти окугула.**

***1-тапшырма.***

Бектур өзүнүн сааты 10:45 болгондо троллейбуска отурду да, троллейбустун сааты 11:19 болгондо троллейбустан түшүп калды. Бектур троллейбуста канча мүнөт жүрдү?

**Бир туура жоопту тандагыла:**

А) 43
Б) 41
В) 34
Г) 38

**Троллейбус сапары**






Бектурдун сааты 3 мүнөткө алдыда болсо, троллейбустун сааты 4 мүнөткө артта жүрөт.

**Оң жактагы текстти окугула.**

***2-тапшырма.***

Бектур саат 12:00гө достору менен троллейбустун аялдамасында белгиленген жолугушууга үлгүрөбү?

*Туура жоопту тандагыла:*

-Ооба
-Жок

**Жообун түшүндүрүү менен жазгыла:**

**Троллейбус сапары**

Бектур өзүнүн сааты 11:30ду көргөзгөндө мектептен чыгып, 12 мүнөттөн кийин кайра эле ошол троллейбуска отурду. Ал сааттын үчтөн бирине барабар болгон убакыттан кийин троллейбустан түшүп калды.

Бектурдун сааты 3 мүнөткө алдыда жүрөт.

**Оң жактагы текстти окугула.**

***3-тапшырма.***

Троллейбустун сааты боюнча 7:50 дөн кечикпей түшүп калуу үчүн, Бектурдун өзүнүн сааты боюнча кайсы убакыттан кечикпей троллейбуска отуруу керек?

**Бир туура жоопту тандагыла:**

А) 7:30
Б) 7:23
В) 7:24
Г) 7:27

**Троллейбус сапары**

Мектепте сабак саат 8:00 до башталат. Мектепке троллейбус менен баруууга жарым саат сарпталат.



Бектурдун сааты 3 мүнөткө алдыда жүрсө, троллейбустун сааты 4 мүнөткө артта жүрөт.